№87 жалпы билим берүүчү орто мектеби

# 2017-2018-окуу жылына карата кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинде түзүлгөн иш пландын аткарылышы боюнча усулдук бирикме жетекчисинин жылдык отчету

Усулдук бирикме жетекчиси: Сүйналиева М.М.

Бишкек 2017

№87 орто мектеп **«Билим берүүнүн сапатын жогорулатууда жаңы технологияларды чыгармачылык менен колдонуу аркылуу окуучулардын компитенттүүлүгүн жогорулатуу»** деген теманын үстүндө 5 жыл иштеп, август айында педагогикалык кеңешмеде жыйынтыкталды. Ал эми жаңы окуу жылына **«Сапаттуу билим берүүдө ар бир окуучуга деңгээл боюнча дифференцирленген мамиле кылуу»** деген методикалык тема тандалып алынды.Темага ылайык мектептин өнүгүү планы иштелип чыгып, максаты, милдеттери жана багыттары педагогикалык жамаатка тааныштырылды. Ал эми кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин темасы **«Сапаттуу билим берүүдө окуучулардын билим деңгээлин жогорулатуу менен дифференцирленген мамиле кылуу»**. Ал эми максаты: «Кыргыз тили жана адабиятын окутууда билим деңгээлин ар тараптан өстүрүүгө жана аларга жекече мамиле кылып, алган билимдерин турмушта колдоно билүүгө багыт берүү». Убнын мүчөлөрү усулдук бирикме тандаган теманын негизинде иштей турган темалары тандалып алынды.

2016-2017-окуу жылынын сентябрь айында календардык пландар жазылып, бекиттирилди. 2016-2017-окуу жылына карата түзүлгөн усулдук бирикменин иши талкууланып бекитилди. Техникалык өрт коопсуздук эрежелери боюнча инструктаж өтүлдү. Курска баруучу мугалимдердин тизмеси такталды. Окуу жылында ар бир чейректин аягында билим сапаты чыгарылат жана план программанын аткарылышы көзөмөлдөнүп, маалымдама жазылат. Мамлекеттик тилдин 27 жылдыгына карата 20-сентябрдан 20-октябрга чейин айлык өткөрүлдү. 23-сентябрда Мамлекттик тил күнүндө «Кыргыз тили – кыйыр жолду баскан тил» деген темада айлыктын ачылышы болуп өттү. Ага карата класстык сааттар, ачык сааттар, КВН таймаштар болуп өттү. Мыкты дубал газета, мыкты реферат, мыкты буклет, эң мыкты тартылган сүрөт кароо – сынактары жарыяланды. 20-октябрда ушул эле темада айлыктын жабылышы болуп өттү. Кечении аягында мектеп директору сөз сүйлөп, мыкты катышуучуларга жана кароо-сынактын жеңүүчүлөрүнө грамота тапшырды. Мыкты дубал газета тарткандыгы үчүн 10-б, 5-а классы, мыкты рефарат жазгандыгы үчүн 10-б классынын окуучусу Максат уулу Ислам, мыкты буклет чыгаргандыгы үчүн 7-г, 11-б класстары, эң мыкты сүрөт тарткандыгы үчүн 5-а классынын окуучусу Мураталиев Эржан, 6-в классынын окуучусу Тургунбаев Жакшылыктар сыйланды.

Ушул эле айда 5-8-класстарынан старттык жазуу иштери алынды.

Жыйытыгы төмөнкүдөй:

| Классы | Жалпы | Жазганы | «5» | «4» | «3» | «2» | Б/с | Жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5-класс | 180 | 165 | 44 | 40 | 54 | 27 | 51% | 85% |
| 6-класс | 221 | 199 | 43 | 85 | 51 | 40 | 64% | 81% |
| 7-класс | 178 | 162 | 29 | 66 | 40 | 17 | 59% | 90% |
| 8-класс | 153 | 138 | 35 | 41 | 44 | 8 | 55% | 94% |
| Жалпы | 732 | 664 | 151 | 232 | 189 | 92 | 57% | 87% |

5-8-класстарына жат жазуу алган учурда 92 окуучу «2»деген баага жазган. Предметтик мугалимдер ар бир «2» алган окуучу менен жекече иш алып барышты.

Октябрь айында улантмалуулук боюнча 5-класстын окуучуларынын кыргыз тили, адабияты сабагынан көндүмдөрү текшерилип, жыйынтыгы чыгарылды. Мында окуучулардын минутага окуусу, түшүнүктөрүн айтуусу каралып, сабаттуу жазуулары текшерилди. 5 параллель класстын ичинен 5-а,д класстары эң жогорку жыйынтыкты бере алды. Эң начар көрсөткүчтү 5-б, г класстары берди. Предметтик мугалим Абдирайимова К. А. Минутага окууда кыйналган жана жат жазууну толук «2» деген баага жазган балдар менен жекече иш алып барды. Билим берүү башкармалыгы тарабынан 5-класстарынан жат жазуу, грамматикалык тапшырмасы менен алынды. Жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду:

Сабаттуулугу;

| классы | саны | жазганы | «5» | «4» | «3» | «2» | а/э | б/с | жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5-а | 36 | 32 | 13 | 12 | 5 | 2 | - | 78% | 94% |
| 5-б | 37 | 34 | 6 | 9 | 13 | 6 | - | 44% | 84% |
| 5-в | 37 | 33 | 6 | 13 | 9 | 5 | - | 58% | 86% |
| 5-г | 36 | 31 | 7 | 9 | 9 | 6 | - | 52% | 81% |
| 5-д | 36 | 35 | 9 | 13 | 11 | 2 | - | 62% | 94% |
| жалпы | 182 | 165 | 41 | 56 | 47 | 21 | - | 58% | 89% |

Грамматикасы;

| классы | саны | Жазганы | «5» | «4» | «3» | «2» | а/э | б/с | жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5-а | 36 | 32 | 4 | 17 | 8 | 3 | - | 66% | 91% |
| 5-б | 37 | 34 | 3 | 11 | 14 | 6 | - | 41% | 83% |
| 5-в | 37 | 33 | 2 | 14 | 12 | 5 | - | 48% | 86% |
| 5-г | 36 | 31 | 2 | 11 | 13 | 5 | - | 42% | 86% |
| 5-д | 36 | 35 | 12 | 13 | 8 | 2 | - | 71% | 94% |
| жалпы | 182 | 165 | 23 | 66 | 55 | 21 | - | 53% | 88% |

Кыргыз тили сабагынан жалпы окуучулардын билим сапаты орто. Айрым окуучулар кош жана кошмок сөздөрдү жазууда кыйналышкан. Кээ бир окуучулар тыныш белгилеринен ката кетиришкен. Ал эми грамматикалык

тапшырмада айрым окуучулар сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө ажыратуудан ката кетиришкен.

Туруntaева К.А. 10-б классына «Бир сөз ичинде үнсүздөрдүн артка карай өзгөрүлүп айтылышы жана жазылышы» деген темада кыргыз тили сабагынан, Абдирайимова К.А. кыргыз адабияты сабагынан 5-а классына «Акылдуу дыйкан» деген темада ачык сааттарды өтүшкөн. Кыргыз адабияты сабагынан 7-класстарынан тесттик иш алынды. Жыйынтыгы төмөнкүдөй:

| Класс | Жалпы | Жазганы | «5» | «4» | «2» | Б/сапаты | Жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7-а | 36 | 35 | 7 | 12 | 3 | 54% | 91% |
| 7-б | 35 | 32 | 5 | 11 | 5 | 50% | 85% |
| 7-в | 35 | 34 | 8 | 12 | 3 | 58% | 91% |
| 7-г | 36 | 33 | 6 | 11 | 4 | 51% | 88% |
| 7-д | 36 | 34 | 6 | 15 | 3 | 61% | 91% |
| Жалпы | 178 | 168 | 32 | 61 | 18 | 55% | 90% |

Жалпы 7-класстардан 18 окуучу «2» деген баага жазган. Бул окуучулар өз учурунда өтүлгөн теманы жакшы өздөштүрө алышкан эмес. Айдын аягында 5-11-класстарынын билим сапаты чыгарылып, 1-чейректин план программасынын аткарылышы көзөмөлдөндү.

2-чейректин башталышы менен ноябрь айында 1-чейректен «2» чыккан окуучулар мене иш алып баруу үчүн план түзүлүп, мугалимдер түзүлгөн пландын үстүндө иш жүргүзүштү. 1-чейректе кыргыз тили предметинен жалпы 14 окуучуга «2» чыккан. Алар:

- Баитов Асан 5-в
- Калматов Нурислан 5-в класс
- Осмонов Баратжан 5-в класс
- Нарынбай уулу Рыспай 5-в класс
- Саматова Гулнур 6-в класс
- Карашов Улукман 6-в класс
- Токтогулов Султан 6-в класс
- Чыңгыз уулу Руслан 6-е класс
- Эркинбек кызы Бегайым 7-б класс
- Абдималик уулу Медер 7-в класс
- Мамадиев Саркарбек 7-г класс

- Токебаева Уулжан  9-а класс
- Эркинбек уулу Кыялбек 9-в класс
- Абдижапар уулу Кутман 9-б класс

Бул окуучулар менен предметтик мугалимдер жекече иш алып барышып, көпчүлүк окуучуларда бир топ жылыш болду. Мектеп ичинде 8-9-10-11-класстар арасында олимпиада болуп өттү. Кыргыз тили жана адабияты предметинен 8-класстар арасында:

1-орун Нурматбек кызы Айзирек

2-орун Жылдызбек кызы Марсиана

3-орун Сабыржан кызы Гулзина

**9-класстар арасында:**

1-орун  Рысбекова Айдай

2-орун  Асилбекова Ыквалай

3-орун  Жеңишбек уулу Адилет

**10-класстар арасында**

1-орун Бекназаров Жакшылык

2-орун Уран кызы Айзада

3-орун  Жаныбек кызы Айгерим

**11-класстар арасында:**

1-орун Капарбекова Адинай

2-орун Төлөнбек кызы Айчүрөк

3-орун  Бакытбек кызы Саламат

1-2- орунду ээлеген 10-11-класстын окуучулары райондук олимпиадага жолдомо алышты.

Кыргыз тили мугалими Замирбек к Лира 9-б классына кыргыз тили предметинен «Киринди сөздөр жана аларга коюлуучу тыныш белгилер» деген, Урматова А.Д. «Манас – бүтпөс улуу баян» темада ачык сабактарды өттүштү.

Турунтаева К.А. «Окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен окуучулардын билим деңгээлин жогорулатуу» деген темада усулдук бирикменин кеңешмесинде доклад окуду жана докладдан бир топ керектүү маалыматтарды ала алдык.

Кыргыз тили сабагынан билим сапатын текшерүү иретинде 6-класстарынан жат жазуу алынды. Жыйынтыгы төмөндогүдөй болду:

| Класс | Жалпы | Жазганы | Жазб. | «5» | «4» | «3» | «2» | Б/сап. | Жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6-а | 36 | 34 | 2 | 9 | 11 | 12 | 2 | 69% | 92% |
| 6-б | 37 | 35 | 3 | 12 | 8 | 13 | 2 | 67% | 94% |
| 6-в | 36 | 34 | 2 | 6 | 16 | 7 | 5 | 64% | 88% |
| 6-г | 38 | 36 | 2 | 6 | 17 | 10 | 3 | 63% | 88% |
| 6-д | 36 | 35 | 1 | 7 | 17 | 9 | 2 | 68% | 91% |
| 6-е | 37 | 35 | 2 | 6 | 15 | 10 | 4 | 60% | 84% |
| Жалпы | 220 | 209 | 11 | 46 | 83 | 62 | 18 | 61% | 90% |

Жалпы жонунан кыргыз тилинен 6-класстардын билим сапаты орто. Көпчүлүк окуучулар кош жана кошмок сөздөрдү жазуудан ката кетиришкен. 18 окуучу «2» деген баага жазган. Предметтик мугалимдерге «2ге» жазган окуучулар менен жекече иш алып баруулары сунушталган. Ушул эле айда 6-класстарынын жазуу дептерлеринин уюштурулушу, абалы, баалардын обьективдүү коюлушу көзөмөлдөндү.

2016-2017-окуу жылдын 13-декабрдан 23-декабрга чейин усулдук бирикменин декадасы жарыяланды. 2016-жылдын 13-декабрь күнү кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин мүчөлөрүнүн катышуусу менен усулдук кабинетте декаданын ачылышы болуп өттү.

Ушул күнү мугалимдердин кеңешүүсү менен өтүлүүчү ачык сабактардын мөөнөтү, графиги коюлду жана кандай конкурстар уюштурулаары каралып, окуучуларга жарыяланды.

Эң мыкты дубал газета 5 - 11класс
Эң мыкты реферат 8 - 9 – класс
Эң мыкты дил баян 8 – 11 – класс
Эң мыкты буклет 7 - 8 – класс
Эң мыкты тартылган сүрөт 5 – 6 – класс
Эң мыкты жат жазуу 5 – 6 – класс

Усулдук бирикмеде жалпы 8 мугалим эмгектенет. Бардык мугалимдер белгиленген график боюнча ачык сабактарын өтүштү.

Турунтаева Калбүбү
Кыдырова Бүбатма
Абдирайимова Кайрыма
Курманбекова Карлыгач
Сагынбаева Гүлзат
Урматова Айчүрөк
Сүйналиева Мадина

Табылды кызы Адинай

13 – декабрь күнү 1 – сменде 5 – саатта Урматова Айчүрөк 8 – а, д - класстарына кыргыз адабияты предмети боюнча «Манас», «Семетей» бөлүмдөрүн жыйынтыктоо иретинде КВН сабак өттү. Сабакка методист Чечеева Майрам Зарлыковна жана кыргыз тили жана адабияты мугалими Курманбекова К. Турунтаева К. Сүйналиева М. катышты. Сабактын структурасы сакталып, жандуу өтүлдү. Карантинге байланыштуу каникулдан келгендиктен окуучулардын активдүүлүгү орто экендиги байкалды. Өтүлгөн материалдын негизинде окуучулар суроолорго жооп берип, үзүндү аткарышты. Сабактын жабдылышы жакшы. Сабактын соңунда мугалимге сунуш – пикирлер айтылды, сабак максатына жетет.

Ушул эле күнү Кыдырова Б. А. адеп предметинен 6 – а классына "Сөз көтөрүмдүү, жайдары кең пейил бол" деген темада ачык сабак өттү.Сабакта мугалимдин өзүн алып жүрүүсү, окуучуларга кылган мамилеси эң жакшы. Мугалим ар бир окуучуну сабакка тартканга аракет кылып, сабакка катышпаган окуучуларга карточка таркатып жатты. Ошондой эле сабактын жабдылышы эң жакшы, мугалим аябай изденип, кошумча материалдарды таап келген. Сабакка катышкан мугалимдер бардыгы ыраазы болуп чыкты. Сабак максатына жетет. 14 – декабрь күнү 2 – смендин 4 – саатында мен 7 – а классына кыргыз тили предмети боюнча "Тууранды сөздөр" деген темада ачык сабак өттүм. Сабагыма бир катар мугалимдер жана методист Чечеева М.З. катышты. Сабагым максатына жетип, методист тарабынан сунуштар айтылды .

15-декабрь күнү 2-сменде 4-саатта Абдирайимова Кайрыма кыргыз тили предметинен 5-а классына "Лексика жөнүндө түшүнүк " деген темада сабак өттү. Сабак максатына жетет, сунуш – пикирлер методист жана катышкан мугалимдер тарабынан айтылды. Мугалимге аябай изденип, көбүрөөк иштеш керек экени эскертилди. Бирок ал оңдолуп кетүүчү сунуштар экени баса белгиленди. Ушул эле күнү Курманбекова К. Ж. 5-саатта 6-д классына кыргыз тили предметинен "Жөндөмөлөр жөнүндө түшүнүк" деген темада ачык сабак өттү. Сабакка бир катар мугалимдер жана методист Чечеева М. З. катышты. Сабактын структурасы жакшы түзүлгөн, бирок регламент туура сакталбай калды. Жалпы жонунан сабак максатына жетип, методист тарабынан жана катышкан мугалимдер тарабынан сунуштар айтылды .

16-декабрь күнү 1-сменде 3-саатта Турунтаева К. А. кыргыз тили сабагынан 10-б классына "Синонимдер жана анын түрлөрү" деген темада ачык сабак өттү. Сабактын структурасы жакшы түзүлгөн, көп кырдуу сабак

болду. Бул сабакка катышкан ар бир мугалим өзүнүн методикасын байытып чыга алды десем жаңылышпайм. Класстагы ар бир окуучу сабакка активдүү катышып, мугалим тарабынан берилген ар бир суроого жооп берип жатышты.

20-декабрда жаш мугалим Табылды к Адинай 9-б классына кыргыз адабияты предметинен «Т. Сыдыкбековдун өмүрү чыгармачылыгы» деген темада ачык сабак өттү. Сабакка методист Чечеева М. З экөөбүз катыштык. Сабакта бир катар кемчиликтер байкалды. Мугалим сүрдөп, өзүн жоготту. Теманы түшүндүрүп келип, кайра окуучуларга суроо берип чар жайыт болду. Класстын мыктылыгынан окуучулар сабакты андан ары алып кетти. Сабакта видио – ролик колдонду, бирок ал окуучуларга жеткиликтүү болгон жок. Мугалим аябай изденип, окуучуларга көп нерсени бергиси келген.Сабак максатына жетип, убагында сунуштар айтылды. Ал эми Сагынбаева Г. М ден соолугуна байланыштуу 14-декабрдагы сабагы 20-декабрга жылган. Кыргыз тили предметинен 7-д классына «Тууранды сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү» деген темада ачык сабак өттү. Структурасы жакшы түзүлгөн, регламент туура сакталган кадимки эң жакшы сабак болду. Журнал менен мугалим иштейт, ар бир окуучуга жекече көңүл бурат. Сабак максатына жетет.

Усулдук бирикмеде эмгектенген бардык мугалимдердин сабагы өтүлгөн соң 21-декабрь күнү жыйындар залында “Ала-Тоодон ааламга үн салган Айтматов ” деген темада декаданын жабылышы болуп өттү. Декаданын жабылышына арналган кечеде калеми менен дүйнөнү багынткан улуу жазуучу Ч. Айтматовдун жана поэзия дүйнөсүнө опол тоодой салым кошкон А. Осмоновдун чыгармачылык жолуна токтолдук. Мектептин 5 -11 – класстарынын таланттуу окуучулары катышты.

**Сахнада окуучулар тизилишет. Кыргыз тил гимни жаңырат.**

**Алып баруучулар: Бакыт жана Акмаанай**

**Акмаанай:**

Ойлон кыргыз дилиңди кармап калгын,
Ойлон кыргыз тилиңди сактап калгын.
Кыргыз элиң, үрп – адатың турганда,
Кылым болуп кылымдарга өзүң баргын.

**Бакыт:**

Кыргыз эли эне тилди сактайлы,
Колдон келсе болушунча барктайлы.
Бөтөнчөлөп көп улуттун тилинен.
Бүт дүйнөгө кыргыз тилин даңктайлы.

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы | 150 | 136 | 14 | 38 | 49 | 41 | 8 | 63% | 91% |

Кыргыз адабиятынан тесттин жыйынтыгы:

| Класс | Жалпы | Жазганы | Жазб. | «5» | «4» | «3» | «2» | Б/сап. | Жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 8-а | 28 | 25 | 3 | 5 | 11 | 17 | 2 | 64% | 94% |
| 8-б | 32 | 29 | 3 | 6 | 11 | 10 | 2 | 58% | 94% |
| 8-в | 31 | 28 | 3 | 5 | 7 | 13 | 3 | 42% | 86% |
| 8-г | 30 | 29 | 1 | 8 | 7 | 12 | 2 | 55% | 93% |
| 8-д | 29 | 25 | 4 | 12 | 8 | 5 | - | 80% | 100% |
| Жалпы | 150 | 136 | 14 | 36 | 44 | 47 | 9 | 58% | 90% |

Билим сапат жакшы. Айрым окуучулар төл жана бөтөн сөздөргө коюлуучу тыныш белгилерден ката кетирген. Ал эми адабият сабагынан жалпы билим деңгээли орто. Сагынбаева Г.М. жана мен 8-класстарынын жазуу дептерлерин текшерип чыктык. Жалпы жонунан дептерлер талапка жооп берет, бирок айрым кемчиликтер байкалып, предметтик мугалим Урматовага сунуш – пикирлер айтылды. Кээ бир окуучулар өтүлгөн темаларды толугу менен өздөштүрө албай калган. 4-декабрь Манас күнүнө карата райондук кароо-сынакка мыкты манасчыларды тандоо үчүн, жыйындар залында манасчылардын кароо – сынагы болуп өттү. Мыкты Манас айтуучу деп 6-б классынын окуучусу Рахатбек уулу Арзыбек жана 6-а классынын окуучусу Алмазбекова Жазгул тандалып алынды.Алар райондо өтүлгөн кароо-сынакка катышып, Ракатбек уулу Арзыбек «Мыкты Манас айтуучу» деген номинацияга ээ болуп, грамота менен сыйланды. Жана ошондой эле «Манас» эпосун даңазалап, класстык сааттар жана ачык сааттар өтүлдү. «Манас» эпосу менин көз карашымда деген темада окуучулар арасында сүрөт көргөзмөсү болуп өттү. Абдирайимова К. А. 5-а классына «Манас» кыргыз элинин туу чокусу», Курманбекова К.Ж. 6-е классына «Манас-улуу баян» деген темада тарбиялык сааттарды өтүштү.

Кыргыз тили жана адабияты мугалими Турунтаева К.А 12-декабрь Ч. Айтматовдун туулган күнүнө карата «Айтматов жана аалам» деген темада, Ал эми адеп мугалими Кыдырова Б.А. «Элдик өнордү кантип өздөштүрөбүз?» деген темада ачык саатарды өтүштү. Айдын аягын кыргыз тили жана адабияты предметинен 5-11-класстарынын билим сапаты чыгарылып, 2-чейректин план программасынын аткарылышы көзөмөлдөндү.

Январь айынын башталышында жаңы «Ыйман, адеп жана маданият» жылына карата класстарда тарбиялык сааттар жана доклад, рефераттар жазылды. Абдирайимова К.А. «Кыргыз тилинде сабаттуу жазууга жана окууга үйрөтүү менен окуучуларга жекече мамиле кылуу» деген темада усулдук бирикменин кеңешмесинде доклад окуду жана докладдан бир топ керектүү маалыматтарды ала алдык. Урматова А.Д 8-д классына Жусуп Баласагындын «Куттуу билим»поэмасы боюнча, Табылды к Адинай 9-б классына «Мезгил жана Алыкул», Сагынбаева Г.М.7-д классына «Сырдык

создор» деген темада ачык саттарды өтүштү. Кыргыз тилинен 9-класстарынын билим сапатын жана коллиграфиясын текшерүү үчүн жат жазуу алынган. Жыйынтыгы төмөндөгүдөй:

| Класс | Жалпы | Жазганы | «5» | «4» | «3» | «2» | Б/сапаты | Жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9 – а | 33 | 31 | 7 | 10 | 11 | 3 | 54% | 90% |
| 9 – б | 35 | 33 | 14 | 11 | 7 | 1 | 75% | 97% |
| 9 – в | 32 | 29 | 6 | 11 | 9 | 3 | 58% | 89% |
| 9 – г | 33 | 30 | 10 | 12 | 6 | 2 | 73% | 93% |
| Жалпы | **133** | **123** | **37** | **44** | **33** | **9** | **65%** | **93%** |

Окуучулардын коллиграфиясы орто, жалпы жат жазууну 9 окуучу «2ге» жазган. 7-класстарынын жазуу дептерлеринин уюштурулушу, абалы, баалардын оьективдүү коюлушу көзөмөлдөндү. Бир катар кемчиликтер аныкталып, предметтик мугалимдерге сунуш айтылды. Ушул эле айда усулдук бирикмеге караган кыргыз тили, кыргыз адабияты, П15 жана Манас кабинеттери текшерилди. Текшерүүнүн максаты дидактикалык материалдар менен толукталышы, ички тазалыгы жана жашылдандырылышын көзөмөлдөө. Жалпысынан кабинеттердин абалы талапка жооп берет, айрым кабинет башчыларына сунуштар айтылды.

Февраль айынын башында 5-класстарынын кыргыз адабияты предмети боюнча окуучулардын ишмердүүлүгү текшерилди. Жалпысынан тамгалап окуган балдар жокко эсе, 35 бала муундап, 137 бала шар окуйт. 18 бала түшүнүктөрүн айтуудан кыйналат, калган балдар текстти шар окуп, түшүнүктөрүн эркин айта алышат.

Сагынбаева Г. М 6-а классына кыргыз тилинен «Топ сан атооч жана анын жасалышы», 11-б классына «С. Байгазиевдин өмүрү чыгармачылыгы» деген темада ачык саттарды өтүшкөн. Мен «Кыргыз тили жана адабияты сабагында окуучулардын билим сапатын жогорулатуу менен дифференцирленген мамиле кылуу» деген темада усулдук бирикменин кеңешмесинде доклад окудум жана кеңешмеге катышкан мугалимдер докладдан бир топ керектүү маалыматтарды ала алышты деп ойлойм.

Билим берүү башкармалыгы тарабынан билим кесилишин текшерүү үчүн баяндама алынган. Окуучулардын текст боюнча түшүнүктөрү, кабыл алуулары, ой жүгүртүүлөрү талапка ылайык. Тексттин мазмуну боюнча ой жүгүртүүлөрү так, ой пикирлерин кошуу менен баяндаманын негизги мазмунун ачып берүүгө аракет кылышкан.Орфографиялык, пунктуациялык каталарды кетиришкен.

7-класстын колиграфиясын жана билим сапатын текшерүү үчүн кыргыз тили сабагынан жат жазуу алынды.

| Классы | Жалпы | Жазганы | Жазба-ы | "5" | "4" | "3" | "2" | Б\с % | Жетишүү% |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 - а | 35 | 35 | - | 7 | 21 | 7 | - | 80% | 100% |
| 7 - б | 32 | 30 | 2 | 13 | 12 | 5 | - | 78% | 100% |
| 7 - в | 36 | 34 | 2 | 10 | 15 | 9 | - | 69% | 100% |
| 7 - г | 34 | 33 | 1 | 6 | 13 | 11 | 3 | 55% | 91% |
| 7 - д | 35 | 33 | 2 | 6 | 16 | 11 | | 62% | 100% |
| **Жалпы** | **172** | **165** | **7** | **42** | **77** | **43** | **3** | **61%** | **98%** |

Текшерүүнүн жыйынтыгында билим сапаты 61%, жетишүү 98 % болду. Жалпы жонунан окуучулардын коллиграфиясы орто. Көпчүлүк окуучулар тыныш белгилеринен жана кошмок сөздөрдү жазууда каталарды кетиришкен. Ыйман, адеп жана маданият жылына карата 3-мартта драматург Мар Байжиев менен 9-класстын окуучулары жолугушту. Анда Мар Байжиевдин «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторунун негизинде түзүлгөн христоматиясынын тарбиялык мааниси жөнүндө кеп болду. Ошондой эле 5-мартта Ак калпак күнүнө карата 8-9-10-классынын окуучулары райондук деңгээлде өткөрүлгөн «Ак калпагың кадырла» аттуу карoo - сынагына катышып, граммота менен сыйланды. 10-11-класстарынын жазуу дептерлери көзөмөлдөндү. 21-март Нооруз майрамына карата 5-11-класстарына класстык сааттар өтүлдү. 11-а классынын окуучулары Нооруз майрамына карата «Бар бол санжыргалуу Ноорузум» аттуу кече өтүштү. Кече кыргыз элинин улуттук каада-салты келин алуу менен коштолду.

Урматова А.Д. 10-11-класстарынын жазуу дептерлерин текшерип чыкты. Бардык класстарда жазуу дептерлери уюштурулган, жазуу жумуштары өз учурунда текшерилип, баа журналга түшүрүлгөн. 11-класстарда 1,2 окуучунун дептери текшерилбей калган.

Апрель айында 11 - класстарынын кыргыз тили жана адабиятынан билим сапатын аныктоо боюнча дил баян алынды. Жыйынтыгы төмөнкүдөй:

Мазмуну

| Класс | жалпы | жазганы | Жазба-ы | «5» | «4» | «3» | «2» | Б/с | жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 11-а | 22 | 21 | 1 | 6 | 10 | 5 | - | 72% | 100% |
| 11-б | 20 | 19 | 1 | 5 | 11 | 2 | 1 | 84% | 98% |
| жалпы | 42 | 40 | 2 | 11 | 21 | 7 | 1 | 80% | 99% |

Сабаттуулугу:

| Класс | жалпы | жазганы | Жазба-ы | «5» | «4» | «3» | «2» | Б/с | жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 11-а | 22 | 21 | 1 | 4 | 8 | 8 | 1 | 57% | 98% |
| 11-б | 20 | 19 | 1 | 4 | 7 | 6 | 1 | 63% | 98% |
| жалпы | 42 | 40 | 2 | 8 | 15 | 14 | 2 | 57% | 95% |

Окуучулар дил баянды мазмундуу жазууга аракет кылышкан. Айрым окуучулар көркөм сөз каражаттарын колдонуу менен теманы эң жакшы ачып беришкен.

Кыргыз тили жана адабияты мугалими Абдирайимова К.А "Барпы Алыкуловдун өмүрү чыгармачылыгы" деген темада ачык сабак өттү. Ал эми адеп мугалими Кыдырова Б.А. «Ыйман, адеп жана маданият» жылына карата "Бүгүнкү кыргыз жаштары" деген темада тегерек стол өттү.

Билим берүү башкармалыгы тарабынан 9-класстарынан кыргыз тили жана адабияты предметинен жыйынтыктоочу аттестацияга даярдык катары баяндама алынды. Жыйынтыгы төмөндөгүдөй:

Мазмуну

| Класс | Жалпы | Жазганы | Жазба-ы | «5» | «4» | «3» | «2» | Б/с | Жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9-а | 32 | 30 | 2 | 4 | 9 | 14 | 3 | 43% | 90% |
| 9-б | 35 | 35 | - | 9 | 16 | 9 | 1 | 71% | 97% |
| 9-в | 31 | 31 | - | 7 | 13 | 7 | 4 | 64% | 87% |
| 9-г | 33 | 32 | 1 | 12 | 10 | 8 | 2 | 68% | 93% |
| Жалпы | 131 | 128 | 3 | 31 | 48 | 39 | 10 | 61% | 92% |

Сабаттуулугу

| Класс | Жалпы | Жазганы | Жазба-ы | «5» | «4» | «3» | «2» | Б/с | Жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9-а | 32 | 30 | 2 | 2 | 10 | 15 | 3 | 40% | 90% |
| 9-б | 35 | 35 | - | 6 | 15 | 10 | 4 | 60% | 88% |
| 9-в | 31 | 31 | - | 6 | 12 | 7 | 5 | 58% | 80% |
| 9-г | 33 | 32 | 1 | 7 | 12 | 9 | 4 | 59% | 87% |
| Жалпы | 131 | 128 | 3 | 21 | 49 | 41 | 16 | 545 | 86% |

Окуучулардын текст боюнча түшүнүктөрү, кабыл алуулары, ой жүгүртүүлөрү талапка ылайык. Тексттин мазмуну боюнча ой жүгүртүүлөрү так, ой пикирлерин кошуу менен баяндаманын негизги мазмунун ачып беришкен. Орфографиялык жана пунктуациялык каталарды кетиришкен. Кол жазмалары талапка ылайык. Айрым бир окуучулар тексттин  мазмунун ачып берүүдөн кыйналышкан.

Кыргыз тили мугалими Сагынбаева Г.М. "Кыргыз тили жана адабиятын окутууда окуучулардын өз алдынчалыгын өстүрүү менен аларга дифференцирленген мамиле кылуу" деген темада усулдук бирикменин

кенешмесинде доклад окуду. Докладдан бир топ керектүү маалыматтарды ала алдык.

Май айында да бир топ иштер жүрдү. 9,11- класстарын Мамлекеттик бүтүрүү экзаменине даярданышып, 11-класстар эссе, 9-класстар баяндамаларды өз алдынча жазышты. Предметтик мугалимдер окуу жылында ар кандай шартта сабакты өздөштүрө албаган окуучулар менен иштөөнүн отчетун беришти. 5-11-класстарынын 4-чейреги жана жылдык боюнча билим сапаты чыгарылды. Кыргыз тили боюнча жалпы билим сапатын карай кетсек:

| Классы | Пред. мугалим | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жылдык | Жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5-а | Абдирайимова К.А. | 55% | 63% | 63% | 66% | 66% | 100% |
| 5-б | Абдирайимова К.А. | 41% | 51% | 51% | 62% | 63% | 100% |
| 5-в | Абдирайимова К.А. | 37% | 40% | 48% | 50% | 48% | 100% |
| 5-г | Абдирайимова К.А. | 54% | 61% | 64% | 62% | 59% | 100% |
| 5-д | Сагынбаева Г.М. | 61% | 64% | 69% | 80% | 69% | 100% |
| **Жалп.** | | **49%** | **56%** | **59%** | **64%** | **61%** | **100%** |
| 6-а | Сагынбаева Г.М. | 62% | 64% | 74% | 72% | 72% | 100% |
| 6-б | Сагынбаева Г.М. | 62% | 69% | 69% | 75% | 72% | 100% |
| 6-в | Курманбекова К.Ж. | 40% | 33% | 40% | 38% | 38% | 100% |
| 6-г | Курманбекова К.Ж. | 36% | 39% | 42% | 47% | 44% | 100% |
| 6-д | Курманбекова К.Ж. | 41% | 44% | 49% | 45% | 45% | 100% |
| 6-е | Курманбекова К.Ж. | 50% | 54% | 56% | 55% | 55% | 100% |
| **Жалпы** | | **47%** | **52%** | **56%** | **56%** | **54%** | **100%** |
| 7-а | Суйналиева М.М. | 53% | 54% | 68% | 68% | 71% | 100% |
| 7-б | Суйналиева М.М. | 54% | 55% | 68% | 65% | 62% | 100% |
| 7-в | Суйналиева М.М. | 55% | 55% | 69% | 60% | 61% | 100% |
| 7-г | Суйналиева М.М. | 50% | 51% | 52% | 53% | 52% | 100% |
| 7-д | Сагынбаева Г.М. | 43% | 44% | 45% | 57% | 57% | 100% |
| **Жалпы** | | **51%** | **57%** | **62%** | **62%** | **66%** | **100%** |
| 8-а | Урматова А. Д. | 56% | 75% | 81% | 79% | 82% | 100% |
| 8-б | Урматова А.Д. | 50% | 75% | 78% | 81% | 81% | 100% |
| 8-в | Урматова А. Д. | 32% | 58% | 70% | 62% | 65% | 100% |
| 8-г | Урматова А. Д. | 43% | 60% | 75% | 76% | 72% | 100% |
| 8-д | Урматова А. Д. | 53% | 65% | 60% | 75% | 80% | 100% |
| **Жалпы** | | **48%** | **66%** | **77%** | **75%** | **76%** | **100%** |
| 9-а | Табылды к Адинай | 45% | 54% | 42% | 43% | 50% | 100% |
| 9-б | Табылды к Адинай | 68% | 68% | 57% | 68% | 65% | 100% |
| 9-в | Табылды к Адинай | 75% | 69% | 58% | 64% | 74% | 100% |
| 9-г | Табылды к Адинай | 69% | 66% | 48% | 48% | 60% | 100% |
| **Жалпы** | | **64%** | **64%** | **51%** | **56%** | **62%** | **100%** |
| 10-а | Турунтаева К.А. | 75% | 79% | 84% | 80% | 80% | 100% |
| 10-б | Турунтаева К.А. | 78% | 90% | 95% | 95% | 95% | 100% |
| **Жалпы** | | **77%** | **77%** | **89%** | **87%** | **87%** | **100%** |
| 11-а | Турунтаева К.А. | 86% | 86% | 86% | 100% | 90% | 100% |
| 11-б | Турунтаева К.А. | 80% | 75% | 80% | 90% | 80% | 100% |
| **Жалпы** | | **83%** | **80%** | **83%** | **95%** | **85%** | **100%** |
| **Жый-к** | | **54%** | **61%** | **63%** | **64%** | **65%** | **100%** |

Кыргыз адабияты боюнча билим сапаты төмөндөгүдөй:

| Классы | Пред. мугалим | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жылдык | Жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5-а | Абдирайимова К.А. | 67% | 61% | 63% | 66% | 66% | 100% |
| 5-б | Абдирайимова К.А. | 67% | 64% | 56% | 64% | 64% | 100% |
| 5-в | Абдирайимова К.А. | 49% | 49% | 60% | 63% | 58% | 100% |
| 5-г | Абдирайимова К.А. | 63% | 61% | 62% | 59% | 61% | 100% |
| 5-д | Сагынбаева Г.М. | 64% | 75% | 80% | 80% | 69% | 100% |
| **Жалп.** | | **62%** | **62%** | **65%** | **67%** | **63%** | **100%** |
| 6-а | Сагынбаева Г.М. | 80% | 83% | 80% | 83% | 83% | 100% |
| 6-б | Сагынбаева Г.М. | 62% | 83% | 80% | 88% | 83% | 100% |
| 6-в | Курманбекова К.Ж. | 51% | 50% | 49% | 42% | 42% | 100% |
| 6-г | Курманбекова К.Ж. | 52% | 55% | 58% | 61% | 61% | 100% |
| 6-д | Курманбекова К.Ж. | 49% | 51% | 54% | 57% | 51% | 100% |
| 6-е | Курманбекова К.Ж. | 50% | 52% | 54% | 52% | 52% | 100% |
| **Жалпы** | | **58%** | **62%** | **75%** | **65%** | **63%** | **100%** |
| 7-а | Сүйналиева М.М. | 61% | 58% | 68% | 66% | 69% | 100% |
| 7-б | Сүйналиева М.М. | 57% | 56% | 52% | 69% | 59% | 100% |
| 7-в | Сүйналиева М.М. | 65% | 63% | 66% | 66% | 66% | 100% |
| 7-г | Сүйналиева М.М. | 61% | 58% | 55% | 59% | 62% | 100% |
| 7-д | Сагынбаева Г.М. | 62% | 60% | 62% | 68% | 62% | 100% |
| **Жалпы** | | **59%** | **60%** | **63%** | **65%** | **63%** | **100%** |
| 8-а | Урматова А. Д. | 50% | 71% | 81% | 71% | 75% | 100% |
| 8-б | Урматова А.Д. | 50% | 71% | 78% | 72% | 78% | 100% |
| 8-в | Урматова А. Д. | 32% | 64% | 64% | 53% | 65% | 100% |
| 8-г | Урматова А. Д. | 46% | 60% | 72% | 69% | 62% | 100% |
| 8-д | Урматова А. Д. | 56% | 65% | 77% | 86% | 80% | 100% |
| **Жалпы** | | **46%** | **66%** | **74%** | **69%** | **72%** | **100%** |
| 9-а | Табылды к Адинай | 45% | 45% | 42% | 46% | 46% | 100% |
| 9-б | Табылды к Адинай | 57% | 57% | 62% | 68% | 68% | 100% |
| 9-в | Табылды к Адинай | 66% | 66% | 67% | 74% | 74% | 100% |
| 9-г | Табылды к Адинай | 54% | 54% | 42% | 60% | 60% | 100% |
| **Жалпы** | | **56%** | **60%** | **54%** | **62%** | **62%** | **100%** |
| 10-а | Турунтаева К.А. | 70% | 75% | 76% | 80% | 80% | 100% |
| 10-б | Турунтаева К.А. | 74% | 90% | 95% | 95% | 95% | 100% |
| **Жалпы** | | **72%** | **82%** | **85%** | **87%** | **87%** | **100%** |
| 11-а | Турунтаева К.А. | 81% | 81% | 77% | 81% | 81% | 100% |
| 11-б | Турунтаева К.А. | 80% | 80% | 80% | 80% | 80% | 100% |
| **Жалпы** | | **80%** | **83%** | **80%** | **80%** | **80%** | **100%** |
| **Жый-к** | | **59%** | **64%** | **66%** | **67%** | **66%** | **100%** |

Ошондой эле 4-чейректин жана жылдык план программасынын аткарылышы каралды.

Май айынын аягында 5-6-7-8,10-класстары кыргыз тили сабагынан көчүрүү сынагын тапшырышты. Сынакта жат жазуу, грамматикалык тапшырмасы менен жазышты. Сынак өз учурунда башталып, өз учурунда аяктады. Эч кандай тартип бузуулар болгон жок. Жалпы 10 окуучу күзгү сыноого калды. Алардын бири 8-г классынын окуучусу Мирлан кызы Ханзада сынакка келген жок. Калган 9 окуучу "2" деген баа алышты.